| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН** |
| **БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№24** Барскоон айылы

**Барскоон айылынын тургуну М.Асанбековдун кайтарылган мүлкү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КРнын мыйзамынын 34-беренесине ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Калыковдун Барскоон айылынын тургуну М.Асанбековдун Барскоон айылындагы 3600 кв.м. жер тилкесин (тегирмен жана май куюучу жайы) ыктыярдуу жана кайтарымсыз өткөрүп бергендиги тууралуу маалыматтын угуп жана талкуулап, **Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы А.Калыковдун Барскоон айылынын тургуну М.Асанбековдун Барскоон айылындагы 3600 кв.м. жер тилкесин (тегирмен жана май куюучу жайы) ыктыярдуу жана кайтарымсыз өткөрүп берүү тууралуу маалыматты эске алынсын.
2. Барскоон айылындагы 3600 кв.м. жер тилкеси (тегирмен жана май куюучу жайы) 50 % М.Асанбековго келишимдин негизинде ижарага берүүгө макулдук берилсин жана ал эми жер тилкесинин 50 % айыл өкмөтүнүн карамагына калтырылсын.
3. Муниципалдык менчиктеги жер тилкесин мыйзам чегинде ижарага берүү боюнча керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жоопту катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска